давайте будем реалистами и будем прятать головы, подобно страусам, в песок – в нашей психологии, менталитете, культуре будет по ходу времени неуклонно возрастать. Такова действительность, которая имеет свойство меняться, а с ней меняемся и мы, а вместе с нами меняется и наше отношение к нашему духовному наследию, которое, оставаясь базовым для нас, вовсе не исключает возможности существенной ценностной переориентации и серьезного изменения поведения, адаптированного под требования уже мирового сообщества, куда мы намереваемся войти.

**Литература**


1. Гартман Н. Проблема духовного бытия // Культурология. 20 век. М., 1995. – С. 32.
2. Караңыз: Абдылдаев М. К. Синкретизм пережитков доисламских и исламских верований киргизов. - Фрунзе, 1967, Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетическне и историко-культурные связи. - Л., 1971. – С. 112;
3. Акмолдоева Ш. Б. Древнекыргызская модель мира (на материалах эпоса «Манас»). - Бишкек, 1996.
4. Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана, № 8, 2020. – С.178.
5. Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана, № 5, 2023. – С.169.
6. Ойзерман Т. И. Опыт критического осмысления диалектического материализма // Вопросы философии, 2000.-№ 2. - С. 23.
7. Уайтхед А. Избранные работы по философии. - М., 1990. - С. 592-593.


УДК 314.15: 305.5 (574)

**Көлбаева З.И.** ОшМПУ

## ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУН ЧЫҢДООДОГУ МЕЙМАНДОСТУКТУН ОРДУ

**Көлбаева З.И.** ОшГПУ

## РОЛЬ ГОСТЕПРИИМСТВА В УКРЕПЛЕНИИ ДРУЖБЫ МЕЖДУ НАРОДАМИ

**Kolbaeva Z.I.** Osh SPU

## THE ROLE OF HOSPITALITY IN STRENGTHENING FRIENDSHIP BETWEEN NATIONS

**Аннотация**. Макалада биримдикте жана ынтымакта жашаган элдердин достугун чыңдоодо меймандостуктун ролу каралат. Кыргыз элинин меймандостук салттары байыртадан бери келе жаткан улуттук маданияттын маанилүү элементи болуп саналат. Меймандостук сый-урматтын, ак ниеттүүлүктүн символу гана болбостон, ар улуттун өкүлдөрүнүн ортосунда ишенимдүү мамилелерди орнотууга жардам берген маанилүү социалдык механизм катары да иштери белгиленет. Тарыхта кыргыз коомчулугунда конок улутуна, социалдык абалына карабай жакшылыктын жарчысы катары кабыл алынат. Конокторду тосуп алуу ар дайым өзгөчө сый-урмат, меймандостук жана эң сый тамак менен менен коштолот. Макалада коноктордун ар кандай категориялары, аларды кабыл алуунун өзгөчөлүктөрү жана азыркы дүйнөдө бул салттын мааниси кеңири талдоого алынат. Меймандостук салттары улуттар аралык ынтымакты чыңдоодо, тынчтыкты, элдердин ортосундагы достукту жана өз ара түшүнүшүүнү сактоого көмөк көрсөтүүдө негизги ролду ойноп келет. Ааламдашуу шартында меймандостук маданий айырмачылыктарды жоюунун жана эл аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн, чыңдоонун маанилүү бир куралы болуп калат.

**Негизги сөздөр:** меймандостук, кыргыз маданияты, каада-салт, урматтоо, улуттук өзгөчөлүк, мамиле, тынчтык, биримдик.

**Аннотация.** В статье рассматривается роль гостеприимства в укреплении дружбы между народами, живущими в единстве и согласии. Традиции гостеприимства кыргызского народа являются важным элементом его национальной культуры, существующей с древних времен. Отмечается, что гостеприимство является не только символом уважения и доброжелательности, но и служит важным социальным механизмом, способствующим установлению доверительных

отношений между представителями разных национальностей. Исторически в кыргызском обществе гости воспринимались как посланники добра, независимо от национальности или социального положения. Прием гостей всегда сопровождается особым уважением, гостеприимством и вкуснейшей едой. В статье дается подробный анализ различных категорий гостей, особенностей их приема, а также значения этой традиции в современном мире. Традиции гостеприимства сыграли ключевую роль в укреплении межнационального согласия, способствовали поддержанию мира, дружбы и взаимопонимания между народами. В условиях глобализации гостеприимство становится важным инструментом преодоления культурных различий, развития и укрепления международных отношений.

**Ключевые слова:** гостеприимство, кыргызская культура, традиции, уважение, национальная идентичность, отношение, мир, единство.

**Abstract.** The article examines the role of hospitality in strengthening friendship between nations living in unity and harmony. The traditions of hospitality of the Kyrgyz people are an important element of their national culture, which has existed since ancient times. It is noted that hospitality is not only a symbol of respect and goodwill, but also serves as an important social mechanism that helps establish trusting relationships between representatives of different nationalities. Historically, in Kyrgyz society, guests were perceived as messengers of good, regardless of nationality or social status. Reception of guests is always accompanied by special respect, hospitality and delicious food. The article provides a detailed analysis of various categories of guests, the peculiarities of their reception, as well as the significance of this tradition in the modern world. The traditions of hospitality played a key role in strengthening interethnic harmony, contributed to the maintenance of peace, friendship and mutual understanding between peoples. In the context of globalization, hospitality is becoming an important tool for overcoming cultural differences, developing and strengthening international relations.

**Keywords:** hospitality, Kyrgyz culture, traditions, respect, national identity, attitude, peace, unity.

Кыргыз эли байыртадан эле кимдигине карабастан, конок десе жанын берип сыйлап келген меймандос эл болгон. Меймандостук – кыргыз элинин байыркы доорлордон бери келе жаткан негизги касиеттеринин бири. Кыргыздын салттуу маданиятында конок дайыма тагдырдын кабарчысы катары кабыл алынып, аны өзгөчө урматтоо менен тосуп алуу салт катары тутунуп келишет. Тарыхта меймандостук көчмөн элдердин жашоосунун маанилүү бөлүгү болуп, алар үчүн конокторго жардам берүү жөн гана мусаапырга жакшылык кылуу эмес, милдет катары калыптанып калган. Келген коноктор үчүн ар бир үйдүн эшиги ачык болуп, үй ээси аларды жакшы тосуп алууга аракет кылышкан. Коноктун минип келген унаасын кошо кабыл алып, багып, өзүн жайнаган бай дастарконго чакырып, өзү жебей бекиткен эң жакшы тамактары менен сыйлашкан.

Кыргыздын меймандостук каада-салттары бүгүнкү күнгө чейин жетип келип жашап келүүдө. Кайсы гана үй-бүлөдө болбосун коноктордужарык маанайда жылуу тосуп алышат. Алар келген коноктордун социалдык статусуна, улутуна карабастан сый-урмат көрсөтүп, тапкан тамак-ашын алдына коюп жагымдуу баарлашууга аракет кылышат. Меймандостук кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүнүн маанилүү бир бөлүгү болуу менен боорукердиктин жана достуктун символу бойдон калууда.

Кыргыздар конокко өзгөчө көңүл буруп, аны бузулбас эреже катары тутунушкан. Конокту “Конок Аллахтан”, “Кудайы конок” деп эч качан келген конокту кайтарышкан эмес. Ошондуктан, конокко байланышкан макал-лакаптар да кеңири таралган. Алсак, “Конок сүйбөгөн, баласын ыйлатар”, “Алты жашар конок келсе, алтымыш жаштагы алдына чыгар”, “Конокко колуңда барыңды бер”, “Конок бышты десе, ала бакандын башындагы эт бышат”, “Конок тойбодум дебейт, сойбоду дейт”, “Коноктун алдына аш кой, эки колун бош кой”, “Конок конбой кетпейт, чакырып кондурганга жетпейт”. “Мейманды көзүнчө мышыгыңды “пыш” дебе”, “Конок сүйбөгөн, баласын ыйлатар”, “Конок келсе эшик ачык, кетсе жол ачык”, “Конокко жатып жаздык, ийилип төшөк бол” ж.б.[1, 5]. Конок тосуу Кыргыз элинин жөн эле салты эмес, ар түрдүү улуттардын

ортосундагы достукту чыңдоого жардам берүүчү маанилүү фактор. Конок тосууда ачык-айкындык, чын көңүлдөн болгон ишеним жаралат жана өз ара түшүнүшүүнүн кырдаалы түзүлөт. Качан адамды жылуу тосуп алганда үй ээси менен коноктун ортосунда өзгөчө байланыш түзүлүп, ал узак убакытка бекем достукка айланат. Дастаркон четиндеги баарлашуулар, сый тамак-аш адамдарды жакындатат, ортосун тосуп турган "көрүнбөс парда" жоголот.

Кыргыздардагы конокторду шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлүштүрсөк болот [2,3,4]:

1. Куттуу конок (ардактуу конок). Бул абдан урмат-сый менен тосула турган өзгөчө конок. Алар кадырлуу аксакалдар, атактуу инсандар, сыйлуу саякатчы же жогорку даражалуу конок болушу мүмкүн. Алардын урматына эң бай дасторкон жайылып, эң жакшы делген тамактар даярдалып, мал союлат.

2. Жөн эле конок (жөнөкөй конок). Бул үйгө эч кандай себеби жок кирген адам – кошунасы, тууганы же таанышы. Ошондой эле аны жылуу тосуп алып, чай, суусундук жана күнүмдүк тамак-аштар сунушталат. Сыйлоо үй ээлеринин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот.

3. Жолоочу конок (саякатчы, мусаапыр конок). Кыргыздарда мурда жолоочу жүргөн ар бир адам меймандостук салтынан пайдаланып келишкен. Алар кеч киргенде же чарчаганда, сыркоологондо жолуна туш келген үйгө токтогон. Үй ээси ага эс алууга жай берип, түнөп кетүүнү сунушташкан. Жолоочуга болгон сый-урматтын мындай көрүнүшү ыйык милдет катары эсептелген.

4. Той коногу (майрамга келген конок). Бул үйлөнүү тойго, мааракеге, ашка (жылдык ашка) же башка маанилүү иш-чарага атайын чакырылган коноктор. Аларга майрамдык дасторкон жайылып, шаан шөкөт менен тосулат, айрым учурларда алардын урматына оюндар уюштурулат.

5. Кошуна конок (кошунанын коногу). Коңшу үйлөрдөн келген коноктор өзгөчө статустагы коноктор катары саналат. Кыргыздарда кошуналар эң жакын адам катары эсептелингендиктен кошунанын коногун чайга же кечки тамакка чакырышат.

6. Келин конок (конок-келин). Бул коноктун өзгөчө түрү – үйлөнүү тойдон кийин биринчи жолу жаңы туугандарынын үйүнө келген жаш келин. Анын урматына чай уюштуруп, белек-бечкек берилет. Муну айрым жерлерде отко киргизүү деп да аташат.

7. Күтүүсүз конок. Бул күтүүсүздөн конокко келген адам. Салт боюнча үй ээлери аны сый-урмат менен тосуп алып, жок дегенде бир чыны чай, тамак-аш берүүгө милдеттүү.

8. Атайын конок (чакырылган конок). Бул белгилүү бир иш-чарага алдын ала чакырылган конок. Мындай коноктордун арасында маанилүү иш-чараларга атайын чакырылган туугандар, достор же ардактуу коноктор кирет.

Дегеле кыргыз маданиятында ар бир конокту көңүл буруп, урматтап, жарык маанайда тосуп алынат. Меймандостук салты достук байланыштарды чыңдоого, улуттук баалуулуктарды сактоого жана адамдардын ортосундагы жылуу мамилени сактоого жардам берет[1].

Тынчтыкты, биримдикти жана ынтымакты сактоо абдан маанилүү болгон азыркы заманда элдердин ортосундагы достукту чыңдоодо меймандостуктун салттары негизги ролду ойнойт. Кыргызстан дүйнөгө ачык-айкындуулуктун, сый-урматтын жана биримдиктин үлгүсүн көрсөтүп, ушул баалуу каада-салттарды сактап келүүдө. Элибизде меймадостук салты бир эле кыргыздар үчүн эмес үйгө келген бардык улуттун өкүлдөрү үчүн сакталган. Тилин билбесе да чын дилден конок күтүлгөн жана конок күтүүнүн бардык эрежелери сакталган. Меймандостукду элдердин арасындагы достукту чыңдоонун негизи катары карасак болот. Анткени меймандостук бир эле кыргыздарда эмес көптөгөн элдердин маданиятынын ажырагыс бөлүгү. Айрыкча кыргыздар менен канаатташ жашаган элдерде байыртадан конокторду улутуна, динине, социалдык абалына карабастан меймандостук менен тосуп алышкан. Бул салт элдин баалуулуктарын гана чагылдырбастан, тынчтыкта жана ынтымакта жашаган элдердин достугун чыңдоого жардам берет. Конокторду тосуп алуу жөн гана жакшы ниет эмес, адамдарды жакындатууга жардам

берген маанилүү социалдык механизм. Кыргызстанда түрдүү этностордун өкүлдөрү бир дасторкон четине чогулуп, өздөрүнүн каада-салттарын, маданий өзгөчөлүктөрүн, турмуштук тажрыйбаларын айтып келишет. Мындай байланыш стереотиптерди жок кылып, бири-бирин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет жана ишеним атмосферасын түзөт.

Кылымдар бою Кыргызстан соода кербендери, саякатчылар жана отурук-ташкандар өткөн маданияттардын кесилиши болуп келген. Ар түрдүү элдерге, каада-салттарга ачык болуу кыргыздарга бейпилдик мүнөзүн, кандай гана адамга болбосун меймандос мамилесин сактоого мүмкүндүк берген. Натыйжада өлкөдө түрдүү этностордун өкүлдөрү ынтымакта, бири-бири менен сый-урматта жашаган көп улуттуу чөйрө түзүлгөн.

Тарыхый оор мезгилдерде меймандостук адамдарга диалог түзүүгө жана жалпы тил табышууга жардам берген. Бирге тамактануу, достук баарлашуу жана жалпы иш чараларга катышуу ишенимдүү мамилелерге негиз түзөт. Элдердин ортосунда саясий же маданий айырмачылыктар келип чыккан биздин доордо да меймандостук адамдарды бириктирүүнүн универсалдуу жолу бойдон кала бермекчи.

Кыргызстанда 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашайт жана меймандостук салттарынын аркасында өзгөчө достук жана өз ара түшүнүшүү атмосферасы калыптанат. Этникалык тегине карабастан, ар бир адам өзүн жылуу кабыл алган чөйрө менен ынтымакта жашоону каалайт.

Бүгүнкү күндө, ааламдашуу шартында, маданий айырмачылыктар барган сайын көбөйүп жаткан шарттарда меймандостук салттары эл аралык байланыштарды орнотууда маанилүү роль ойнойт. Кыргызстанга келген туристтер, дипломаттар, ишкерлер жана изилдөөчүлөр жергиликтүү элдин жылуу кабыл алуусун жана чыныгы меймандостугун баса белгилеп келишет. Бул жеке адамдардын ортосундагы гана эмес, мамлекеттердин ортосундагы достукту чыңдоого жардам берет.

Мындан тышкары, меймандостук билим берүү жана маданий программаларда эл аралык кызматташтыктын маанилүү бөлүгүнө айланууда. Студенттердин алмашуусу, этнографиялык фестивалдарга катышуу, маданий иш-чараларды уюштуруу ар кандай элдерге бири-бирин жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, бекем достук мамилелерди түзүүдө.

Ошондуктан меймандостук жөн гана салт эмес, элдердин достугун чыңдоонун кубаттуу куралы десек жаңылган болбойбуз. Бул тоскоолдуктарды жеңүүгө, ишенимди бекемдөөгө жана тынчтык жана урматтоо атмосферасын түзүүгө жардам берет. Кыргызстан меймандостук салттарын сактап, муундан-муунга өткөрүп берүү менен көптөгөн элдердин ак ниеттүүлүгүнүн, ачыктыгынын жана тынчтыкта жанаша жашоонун үлгүсү катары кызмат кылат.

**Адабияттар:**

1. Ибраимова, С. Ч. Кыргыздардын меймандостук салты / С. Ч. Ибраимова // Global Science and Innovations: Central Asia (см. в книгах). – 2021. – Vol. 5, No. 9(12). – P. 68-73. – EDN QRLXWR.

2. Кочкунов А. ЭТНИЧЕСКИЕ ТРАДИЦИИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА. Бишкек – 2013

3. Кокомбаев К. Традиционная культура и социальная организация кыргызов // Вестник Санкт-Петербургского университета. Социология. 2013. №1. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/traditsionnaya-kulturai-sotsialnaya-organizatsiya-kyrgyzov (дата обращения: 30.01.2025).

4. Каада-салттар. Ак баталар / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. Улут. И. А. ж.б. — Б.: «Шам», 2003. — 400 б. — («Эл адабияты»).

5. https://new.bizdin.kg/media/books/makaldar.pdf